| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОН РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-июлу, №227 — Кара-Коо айылы

**Мектептерди жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарын (бала бакчаларды) жогорку ылдамдыктагы интернет менен камсыз кылуу жөнүндө**

Билим берүү мекемелеринде окуу-тарбия процессинин сапатын жогорулатуу, санариптик билим берүү платформаларын үзгүлтүксүз пайдалануу үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле интернет байланышынын сапатын жакшыртуу максатында, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын жана жалпы депутаттардын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтүнө мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын интернет кызматтарынын тарифтик планын жогорулатуу, интернет ылдамдыгын жакшыртуу жана үзгүлтүксүз интернет байланышын камсыз кылуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү милдеттендирилсин.

2. Интернет кызматын көрсөтүүчү операторлор менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, билим берүү мекемелери үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөргө ылайык жогорку ылдамдыктагы тарифтик пландарга өткөрүү маселеси чечилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**